# Кыргыз тили- 6-класс

Сабактын темасы: Сын атоочтун жай жана салыштырма даражалары.




мугалими:_Алымкулова А.А__________

Сабактын тиби: **жаңы билим берүүчү сабак.**

Сабакта колдонулуучу усулдар жана ыкмалар: **интерактивдүү, айтып берүүчүлүк, суроо-жооп методу.**

Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар: **окуу китеби, сүрөттөр, компьютер, таркатмалар, таблицалар ж.б**

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Сабактын максаттары: көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| 1.Маалыматтык: маалымат менен иштей билет. Жетишпеген маалыматты издеп табууга аракеттенет. | Билим берүүчүлүк: Сын атоочтун даражаларынын уюштурулушун билишет. |
| 2.Социалдык –коммуникативдик: өзүнүн билгендерин башка окуучулар менен бөлүшүүгө даяр. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даяр. Аны оозеки жана жазуу жүзүндө билдирет. | Өнүктүрүүчүлүк жагы: Даражаларды аныктап, айырмалай алуугаү йрөнүшөт. |
| 3.Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын өздөштүрүүгө даяр. | Тарбия берүүчүлүк: Сын атоочтун даражаларын кебинде колдоно алуу көндүмдөрүн арттырышат. |

Жогорку максаттар ишке ашат, эгерде: (сабактын көрсөткүчтөрү)

**-окуучулар сын атоочтун грамматикалык белгилерин үйрөнүшсө;**

**- сын атоочтун жай жана салыштырма даражаларын билип, ажырата алышса;**

**- морфологиялык талдоого үйрөнүп, сын атоочтун сүйлөмдө аткарган кызматтарын билишсе;**

**- көнүгүүлөрдү, берилген тапшырмаларды так аткарып, туура өздөштүрүшсө.**

## Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:

| | |
|---|---|
| **Тилдик компетентүүлүк** | **-сын атоочтун морфологиялык жана синтаксистик белгилерин билет.** |
| **Кептик компетенттүүлүк** | **-өзүнүн кебине байкоо жүргүзүү аркылуу өз оюн кеңири айта алат; - сын атоочтун даражалары боюнча маалымат алат.** |
| **Маданий компетенттүүлүк** | **-кебинин бай жана орундуу болуусуна аракеттенет; - теориялык билимдерин жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүнө пайдаланат.** |

## Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этаптары | Уб Ак | Мугалимдин иш аракеттери | Окуучулар-н иш аракети | Окууч.калып.чу Компетен-р | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги комп | Пре д Ком п | |
| 1.Мотивация Уюштуруу Шыктандыруу | 2-3 | Окуучуларга мугалим табышмак сунуштайт. Жана кызыл алманын сүрөтүн көрсөтүп, бул затка карата кандай суроо берүүгө болорун сурап өтөт. | Катуулугу таштай, Актыгы кардай. Нандай жей албасын, Таттуу болсо да балдай. | НК-3 | ПК-3 | «Азаматсыңар!» «Дагы эмнени билесиңер?» деген сыяктуу сыпаттама  |
| 2.Теманы жана күтүлгөн окуу натыйжаларын жарыялоо | 2-3 | 1.Тема жана максат менен таанышышат. 2.Доскага илинген плакаттардан кыска түшүндүрмө берилет 3.Окуучулар менен бирдикте талкууланат. | Сабактын темасы, максаты менен таанышкандан кийин жогорудагы табышмакты таап, ал тексттеги сын атооч сөздөрдү таап жазышат. Алманын сүрөтүнө карап, түрдүү суроолорду жаратышып, сын атоочтук белгилерин аныкташат. | НК-1 НК-2 | ПК-2 | Дагы кимиңер кандай ойлорду айта аласыңар?   |
| 3.Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү | 4-5 | Жаңы тема боюнча маалыматтар берилет. (маалымат тиркелет). | 1.Жаңы маалыматты окуучулар кабыл алышат. | НК-1 | ПК-1 | Окуучуларга сыпаттама баалар берилет. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эс алуу мүнөтү | 1 | **"Алма жейбиз " оюну.Мугалим колуна кызыл алманы алып, 1-топко ыргытат. Топ мүчөлөрү сын атоочтун даражаларына мисалдарды колундагы стикер кагазга жазышып, даракка чапташат. Кайсы топтун окуучулары бат биринчи иштеп бүтүшсө, мугалим аларга белекке алманы берет.** | Разминка  Жашылча – жемиштерди мүнөздөп, сын атоочту катыштырып, кластер түзүшөт. | НК-2 | |  |
| 4.Интерактивдүү көнүгүүлөр-сабактын борбордук бөлүгү | 25-27 | Мугалим окуучуларга таблицаны толтурууну сунуштайт. Топтор менен иштөө. 1. Китеп менен иштөө . ( топторго бөлүнүп, көнүгүү аткаруу) 2.Тексттер менен иштөө.Тексттеги бош жерлерге тиешелүү даражаларды коюп чыгуу.(тексттер өзүнчө тиркелет) | Таблица менен иштөө. (таблица тиркелет) Окуучулар толтурушат. Топторго бөлүнүү аркылуу берилген тапшырмаларды аткарышат. | НК-1 НК-2 НК-3 | ПК-2 ПК-3 | Мугалимдин алкышы, ар бир окуучуну өзүнчө сыпаттама баалар менен баалайт. |
| 5.Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу; натыйжаларын баалоо | 5-6 | 1.**Теманы бышыктоо үчүн суроолор берилет. 4.Үй тапшырма берилет.** Үй иши: Сын атоочтун даражаларын катыштырып, текст түзүү. | Окуучулар өз жөндөмдүүлүк-төрү менен жазган тапшырмаларын көрсөтүшөт. | НК-1 НК-2 НК-3 | ПК-1 ПК-2 ПК-3 | Жыйынтыктоо. Баалоо |

## Мугалимдин түшүндүрмөсү:

---

### Сын атоочтун даражалары

Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: жай, салыштырма, күчөтмө жана басаңдатма даража.

**Жай даража** Заттын белгисин кандай нормада экендигин билгизип, атайын мүчөлөрдүн жардамысыз, уңгу түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу жасалат: кызыл, сары, ак, көк, кара, жашыл, ачуу, кен, сүйрү жана башка.

**Салыштырма даража** Заттагы бир эле белги экинчи заттын белгиси менен салыштырылат. Салыштырууну чыгыш жөндөмөсүнүн -дан жана -ыраак мүчөсү уюштурат. Бал канттан пайдалуу. Замира Берметтен кичине. Москва көп шаарлардан кооз (коозураак).

**Күчөтмө даража** Заттардын сын-сыпатын күчөтүп, өтө жогору же өтө төмөн экендигин көрсөтөт да, төмөнкү жолдор менен жасалат.

- а) эң, өтө, абдан, чымкый, чылк деген ж. б. күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен жасалат: эң чоң, өтө күчтүү, абдан жакшы, чымкый кызыл.
- б) сын атоочтун толук кайталанып же кыскарып айтылышы аркылуу жасалат: кыпкызыл, упузун, капкара, сапсары, бийик- бийик тоолор, кооз-кооз үйлөр, сонун-сонункөчөлөр ж.б.
- в) затташкан сын атоочтор күчтөмө даражаны уюштурат: мыктынын мыктысы, сулуунун сулуу су жана башка.

**Басаңдатма даража** Заттагы белгинин нормалдуу белгиге жете бербегендигин же анын басандатылып айтылышын билдирет, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

- -ыш - агыш, көгүш
- -гыл - киргил, чаңгыл
- -ылжым, -ылжын - көгүлжүм, көгүлжүн
- -гыч - саргыч
- -гылт - кызгылт
- -гылтым - кызгылтым ж.б.

### Топторго берилүүчү тапшырмалар:

**1-тапшырма: Таблицаны толтуруу.**

**Кызыл, кең, шок/ токойлуу, унутчаак/ кызыл жүздүү, бала кыял/ улуу-кичүү, эстүү –баштуу.**

| Сын атоочтор | Уңгу түрүндө келди | Морфологиялык жол менен жасалды | Синтаксистик жол менен жасалды |
|---|---|---|---|
| Тубаса | | | |
| Туунду | | | |
| Кошмок | | | |

| Кош | | | |
|---|---|---|---|

2-тапшырма: Тексттеги бош жерлерди тиешелүү даражалар менен толуктагыла.

Аксакалдар_________________ үйгө киришти. Отургандардын ичинен _______________ менин атам экен. Кумгандагы ___________ суудан отургандардын колдоруна куйдум. Алардын ар бири _____________ каалоолорун айтып жатышты. Андан кийин ____________ гүлдөрү бар _________________ түстөгү дасторкон жайылды.

Аксакалдар кенениреэк үйгө киришти. Отургандардын ичинен эң кичүүсү менин атам экен. Кумгандагы жылуураак _ суудан отургандардын колдоруна куйдум. Алардын ар бири жакшы каалоолорун айтып жатышты. Андан кийин кызгылтым гүлдөрү бар агыш түстөгү дасторкон жайылды.

1. Салыштырма –
2. Күчөтмө-
3. Жай-
4. Басаңдатма-

3-тапшырма. Тексттер менен иштөө.

Топтогу окуучуларга Ч.Айтматовдун чыгармаларынан алынган тексттер таркатылат. Тексттин ичинен сын атоочторду таап, жазып белгилешет.

Кызыл алма.

Анаранын жалгыз аяк жол менен бакка чуркап баратканын көрүп, Исабеков кызын чакырды:

- Сен кайда?
- -Алмага чыгайынчы?
- Мен бат эле, - деди, Анара так-так секирип чуркап кетти.

Бир маалда бак ичинен кызынын бирдемеден улам сүйүнө чоочуган үнү угулганда ал селт этип алды.
-Папа, папа! Эмне таптым карачы?
Анара жүгүрүп келген бойдон атасын мойнунан кучактады да, бет алдынан чоң кызыл алманы кармай берди.
-Алма таап алдыңбы?
-Ооба, тыякта жалбырактардын арасында бекинип алыптыр, такыр көрүнбөс болуп бекинип алыптыр.
-Ооба , кооз экен, бу кышкы апорт тура...